*Исхак Раззаковдун 100 жылдыгына карата*

# "Тоо-ташка кантип пахта эге алабыз?"

Советтик Армиянын катарында атуулук милдетимди 1960-жылы Москва шаарында өтөп жаткан учурумда, эсте калаарлык көптөгөн окуяларга туш болдум, - дейт Шамиев Карыбек ага, редакцияга жолдогон катында.

Бул 1962-жылга туш келет. Н.Хрущёвдун демилгеси менен "съезд, пленум" жана башка жыйналыштарды өткөрүүчү заңгыраган чоң имарат салынды. Ошол имаратта 15 союздук республикаларынын 1-катчыларынын катышуусу менен жыйналыш болуп жаткан. Өтүп жаткан жыйналыштын жүрүшүн радио аркылуу түз эфирде элге уктуруп турган болчу. Ошол учурда мен кезектеги нөөмөттө тоннелде кызматта элем. Ар бир жетекчилердин отчетторун угуп болгон соң Н.Хрущёв: "Кыргызстанда пахтанын түшүмдүүлүгү быйылкы жылы начар болду... буга эмне себеп болду?" - деп белгилүү инсан Исхак Раззаковдон сураганда, ал киши коркпой: "Урматтуу Никита Сергеевич, пахтанын начар түшүмдүүлүгүнө бизде күнөө жок. Кыргызстан тоолуу аймак экенин унутуп калган көрүнөсүз. Тоо-таштарга кантип пахта эге алабыз. Ушул жагын эске алып койсоңуз ашыкча болбос эле", - деп тайманбай айтканы эсимде. Чыныгы патриот, чындыкты бетке айтканына залдагылар баарысы таң калып, өздөрүнчө дуу-дуу болуп калышкан. Ошондо Н.Хрущёв эмне дээрин билбей сөздү башка жакка буруп кеткенин радио аркылуу укканмын.

Бир нече жылдар өткөндөн кийин 1959-жылы күз мезгилинде Ноокат райкомунун жыйналыш залында Исхак Раззаков 20 мүнөттөй чамасында сөз сүйлөгөн, ошондо эбин таап жыйналыш бүтөөрү менен ал киши менен саламдашууга үлгүрдүм. Москвадагы пленум учурунда Н.Хрущёвго пахта тууралуу берген жообун эстетсем, "сен аны кайдан билесиң?"- деп таң калган. Ошондо кезектеги күзөттө турганымды, жыйналыштын жүрүшүн толук укканымды айтканымда, "молодец" деп ишиме ийгиликтерди каалаган. Ошондогу капилеттен болгон жолугушуу бизди карап турушкан туш-тарабымдагы адамдарга катуу таасир берген", - деп эскерет Карыбек ага.

**А.ЖУМАНАРОВ**